УДК: 338.48+379.83

Мамбетеминова Ч.Б.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЫСЫК-КӨЛ АЙМАГЫНДА ТУРИЗМДИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

*Бул макалада Ысык-Көл областында туризм тармагынын өнүгүүсү жана учурдагы абалы тууралуу кеңири маалымат берилет.*

*Туризм индустриясы Ысык-Көл аймагында динамикалык түрдө өнүгүп жаткан кирешелүү тармактарынын бири болуп саналат. Жаратылыш-рекреация потенциалынын көп түрдүүлүгү жана сапаты жагынан Ысык-Көл курорттук району дүйнөлүк маанидеги туризм региондорунун катарына кирет.*

***Негизги сөздөр:*** *туризм, экономика, рекреация, потенциал, көйгөй.*

*Современное состояние развития туризма в Иссык-Кульской области.*

*В данной статье рассмотрены современное состояние и развитие туризма в Иссык-Кульской области. Туристская индустрия в Иссык-Кульской области является отраслью, которая развивается динамически. Разнообразие природно-рекреационного потенциала Иссык-Кульского курортного района позволяет ему войти в ряд мировых туристских регионов.*

*В статье выявлены и раскрыты основные проблемы в сфере развития туризма в данном регионе, также даны рекомендации к решению данных проблем.*

***Ключевые слова:*** *туризм, экономика, рекреация, потенциал, проблемы.*

*Current state of tourism development in Issyk-Kul oblast.*

*This article examines the current state and development of tourism in the Issyk-Kul region. The tourism industry in the Issyk-Kul region is a branch that develops dynamically. The diversity of the natural and recreational potential of the Issyk-Kul resort area allows it to enter into a number of world tourist regions.*

*The article identifies and reveals the main problems in the sphere of tourism development in this region, and also gives recommendations for solving these problems.*

***Key words:*** *tourism, economy, recreation, potential, problems.*

Азыркы мезгилде дүйнөлүк экономикада киреше берүүчү тармактардын бири болуп туризм индустриясы эсептелинет. Учурда эс алуу жана саякат жасоо, табият таануу, өлкөлөрдүн айырмачылыгына, эн оболу, элдин салт-санаасына, үрп-адаттарына жана башкаларга кызыккан туристтердин эсебинен эъ чоъ киреше түшүүдө.

19-кылымдын башында туризмди өнүктүрүүнүн негизги өзөгүн жер кыдырып, арбын киреше алуу ээлесе, акыркы жылдарда таанып-билүүчүлүк туризми, дарылануу туризми, спорт туризми, илимий туризм, иштиктүү туризм, этникалык туризм, тоо туризми, көңүл ачуу туризмине көп көңүл бурула баштады. Туризм индустриясынын тармактарын калыптандырууга жана ийгиликтүү өнүктүрүүгө жаратылыш шарттары олуттуу таасирин тийгизет. Ар бир регион рельефине, кен байлыгы, флора жана фаунасына ж.б. жараша адамды өзүнө тартып келген. Айталы, биздин жергебиз, баарыдан мурда, эң бийик Теңир-Тоо, Ала-Тоо, алардын ортосунда жашынып жаткан эң кооз, эң терең Ысык-Көлгө байланыштуу. Ысык-Көл өрөөнүндө туризм индустриясын өнүктүрүүгө бийиктик алкактарынын жана регионалдык климат шартынын тийгизген таасири эң эле түрдүүчө келет. Көл жээгинин борбордук Ысык-Көл курорттук району дүйнөлүк маанидеги туризм регионуна кирет. Ошону менен бирге Ысык-Көл аймагы жаратылыш шарты, жайгашкан орду, аймагынын көлөмү, социалдык-экономикалык, тарыхый өнүгүү өзгөчөлүгү менен

олуттуу айырмаланган областтардан болуп саналат. Туризмди өнүктүрүү үчүн Ысык-Көл областында бардык мүмкүнчүлүктөр бар. Бул аймакта туризм индустриясынын башкы өзөгүн санаторий, курорт, эс алуу жайлары, дары баткак, минералдуу суулары түзөт. Ысык-Көл курорттук районунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү ресурстардын түрүнө, сапатына жараша олуттуу айырмаланат. Көл жээгиндеги табигый кумдуу аянттарда бир эле учурда 120 миң турист эс алууга болсо, минералдуу булактар 22 миң кишини, ичүүгө керектелүүчү суу 500000 кишини камсыз кылууга жарайт.

Аймак боюнча туризм чөйрөсүндө катталган чарба жүргүзүүчү субъектилер (2016-ж. карата):

Мейманканалар - 232

Туризм ишканалары жана эс алуу мекемелери - 472

Ресторандар - 568

Туристтик агенттиктер - 317

Санатордук-курорттук мекемелер - 29

Аймак боюнча боюнча туризм ишканаларына, уюмдарына жана мекемелерине келген туристтердин саны (2016-ж. карата).

| Бардыгы | КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн | КМШ өлкөлө-рүнөн | Кыргызстан-дын жарандары |
|---|---|---|---|
| 198042 | 6258 | 36592 | 155182 |

Туристтерди кызыктырган маанилүү факторлордун бири болуп тарыхый-маданий ресурстар эсептелинет. Көл дарбазасы болгон Боом капчыгайынан чыга бергенде эле П.С.Тянь-Шанскийдин айкели жана мемориалдык музейи, Чолпон-Атадагы Рух Ордо жана Тоңдогу Аалам Ордо комплекстери жана Саймалуу-Таш ачык асман алдындагы музейи, суу түбүндөгү шаар калдыктары, Сан-Таш, Н.М.Пржевальскийдин мемориал музеи жана башка көптөгөн тарыхый объектилер туристтердин көңүлүн бурат.

Ал эми экономикалык жактан алып караганда, эл чарбасынын бардык рекреациялык тармактарын бир эле учурда чогуу өнүктүрүп кетүү мүмкүн эместигин эске алып, алардын ичинен эң алгачкылардан болуп өркүндөшү зарыл, экономиканын приоритеттүү багыттарын мамлекет аныктады. Алар: айыл чарбасы, энергетика, тоо–кен өнөр жайы, туризм. Кыргыз Республикасы менен Ысык-Көл областынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги багыттарын салыштырсак, айырмачылыктар, окшоштуктар кездешет: анда да, мында да приоритеттүүлүккө айыл чарбасы менен туризм кирет. Аны сезондук туризм жана курорттук-кызмат көрсөтүү түзүп, жакынкы келечекте республиканын экономикасында валюталык негизги тармак болорун баса белгилеп кетсек болот.

Ысык-Көлдүн үлүшүн эсептеп чыгуу, сервистик кызматты жакшыртуу, өркүндөтүү, дүйнөлүк туризмдин бир борборуна айландыруу – мезгилдин талабы. Бул жерде бир катар өзгөчөлүктөр бар:

- туризмди өнүктүрүүгө кеткен кызматтар үчүн жумшалган коомдук эмгек Көлдүн өзүндө ишке ашырылат; мында жергиликтүү товарлардын туристтерге карата кыймылы эмес, туристтердин товарларга болгон кыймылы күчөйт да, капиталдын айлануу убагы азаят; кадимки каналдар аркылуу экспорттолуучу жергиликтүү товарлардын кошумча кеңейишине шарт түзөт;

- чет элдик валютага өтпөгөн товарлар сатылып, кызмат көрсөтүлөт; чет элдиктерге сатылган товарлардан чет элдик валюталар менен салык алынат; чет элдик валюталар бюджетке тез-тез түшөт;
- Көлдө туризмдин өнүгүшү эл аралык жүргүнчүлөрдү ташуунун натыйжасында чет элдик валюталардын көбөйүшүнө мүмкүнчүлүк түзөт;
- товарларды экспорттоодогу дүң баа менен туристтерге өзүбүздө жүргүзүлгөн чекене баасынын айырмасынан Ысык-Көл областы пайда көрөт;
- эл аралык туризмди өнүктүрүү областтын төлөм жөндөмдүүлүгүн жогорулатып, кирешенин деңгээли менен структурасына маанилүү, керектүү, зарыл кайталанма таасир тийгизет. Бул сыяктуу ж.б. өзгөчөлүктөр биригип келип, областтын экономикалык, экологиялык, маданий, инфраструктуралык абалынын жакшырышына өбөлгө түзөт; республикадагы саясий туруктуулук, ар түрдүү улуттагы элдердин өз ара ынтымагы эл аралык туризмди ишенимдүү өнүктүрүүгө көмөкчү болмокчу.

Чет элден келген эс алуучулар, альпинисттер, туристтерди Ысык-Көлдүн жаратылыш дүйнөсү менен бир беткей эле тааныштыруу азыркы күндүн талабына жооп бербейт. Кооздугу жана жаратылышынын түрдүүлүгү жагынан дүйнө өлкөлөрүнө таанымал көл калаасында туризм-курорт комплекстерин эл аралык талапка толук жооп бергидей деңгээлде калыптандыруу зарыл болууда.

Азыркы учурда туризм жаатындагы эң маанилүү көйгөйлөр болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Саясий туруксуздук**;**
- Экономикалык кризис;
- Ченемдик-укуктук базанын талапка жооп бербегендиги;
- Кыргыз турпродуктусунун өнүгүүсүнүн начардыгы;
- Туристтик ишкердүүлүктү уюштуруудагы коопсуздук деңгээлинин төмөндүгү;
- Массалык туризм зонасында айлана-чөйрөнүн булгануу коркунучу;
- Чет өлкөдөн келген туристтерге виза алуудагы кыйынчылыктар;
- Жарандардын маданиятынын жетишсиздиги;
- Көл жээгинде дааратканалардын жетишсиздиги (болгон дааратканалардын санитардык абалынын начардыгы);
- Жарандардын туризмдин маанисине көңүл бурбагандыгы (туризмдин жардамы менен көп каражат табууга болот);
- Туристтик жана транстпорттук инфраструктуранын начар өнцккөндщгщ;
- Туристтик ишканалар көргөзгөн тейлөөлөрдүн баасы менен сапатынын дал келбөөсү;
- Кыргызстандын имиджинин начардыгы.

Көйгөйлөрдү чечүү жолдору:

- Туризм багытындагы ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу;
- Инвестиция тартууга жагымдуу шарттарды тузүү;
- Чет өлкөлүк туристтерди визасыз киргизүүгө шарт түзүү;
- Калк арасында туризмдин маанисин жогорулатуу;
- Туризм жаатында кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- Транспорттук жана туристтик тейлөөлөрдүн сапатын жогорулатуу;
- Туризмдин сапатын эл аралык стандартка чыгаруу;

• Коопсуздукту сактоо үчүн иш чараларды өткөрүү;

• Тейлөө негиздери боюнча инструкцияларды жана окуу куралдарын иштеп чыгуу;

• Жарандардын маданиятынын жогорулатууга шарт түзүп берүү (жер-жерлерде курстарды ачуу);

• Көл жээгинде даараткааналарды жетиштүү санда куруу жана аларды жетишээрлик түрдө тейлөө.

Жаратылышы өтө кооз Ысык-Көл областы, меймандос эл чет өлкөлөрдөн келген саякатчыларды эн жакшы деңгээлде тосуп алып жөнөтсө, жарнама берилип турса, туристтердин агымы артмак.

Ошондуктан туризм индустриясында өнүккөн өлкөлөрдүн бай тажрыйбаларын үйрөнүп, аларды өз шартыбызга ылайыкташтырышыбыз керек. Туруктуу валюталык киреше берип, республикабыздын экономикалык өсүшүнө зор салым кошуучу туризм тармагы мамлекеттик саясаттын деңгээлинде каралышы тийиш.

Жаратылыш-рекреация ресурстарынын молдугуна карабастан, Ысык-Көл областында туризм комплексинин өнүгүү деңгээли али кыйла төмөн. Туризм тармактары жаңыдан калыптанып, тейлөө сапаты жагынан эл аралык талапка жооп бербейт. Кооздугу жана жаратылыштын түрдүүлүгү жагынан дүйнө өлкөлөрүнө таанымал көл калаасында туризм-курорт комплекстерин эл аралык талапка толук жооп бергидей деңгээлде калыптандыруу зарыл болууда. Бул багытта далай чымырканган зор иштер күтүлүүдө. Келечекте көл жээгинде туризмдин кубаттуу комплекстерин калыптандыруу бир катар экономикалык, экологиялык, өндүрүштүк, социалдык жана илимий сыяктуу комплекстүү маселелеридин учурунда чечилишин ылдамдатат. Эң алды менен туризм-курорт жайларынын материалдык-техникалык базасын эл аралык талапка жооп бергидей курууга, туризмди тейлөө кызматтарын кыйла жакшыртууга, мында иштегендердин деңгээлин жана айлык акысын жогорулатууга көмөктөшөт. Ири комплекстерди уюштуруу, ошондой эле көл жээгиндеги туризм мекемелериндеги эс алуунун жыл ичиндеги иштөө мөөнөтүн узартуу, туризм тармактарынын социалдык–экономикалык натыйжалуулугун арттыруу маселелерин туура чечүүгө дагы олуттуу таасирин тийгизет. Ушундан улам, Ысык-Көл аймагында туризм тармагын өнүктүрүүгө ар бир жаран зор салымын кошушу керек.

**Адабияттар:**

1. Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана. – Б.: Раритет Инфо, 2004. –с. 278.

2. Патрик Экфорд. Потенциал международного туризма в Иссык-Кульской области Кыргызской Республики, 1997.

3. http: //deptourism.gov.kg /Программа развития туризма до 2020 года.